**БЕКИТЕМ**

**НМУнун ректору**
**_____________ Байбагышов Э.М.**
«01» 12 2020-ж.

**САПАТ МЕНЕДЖМЕНТ СИСТЕМАСЫ**

# УЮШТУРУУ ДОКУМЕНТИ

**С.НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН КӨЗӨМӨЛЧҮЛҮК КЕҢЕШИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО**

**СМС УД 1.16 - 2020**
**2 ЧЫГАРЫЛЫШ**

**Нарын, 2020**

## КИРИШҮҮ

1. Бул нускама НМУнун Көзөмөлчүлүк кеңешинин мүчөлөрү үчүн иштелип чыкты.
2. Бул Жобо С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинде (мындан ары - НМУ) бирге башкаруу формасын өнүктүрүү максатында иштелип чыкты.
3. Жобо Көзөмөлчүлүк кеңешин түзүү жана ишмердүүлүк жүргүзүүнү аныктайт.
4. Нускама НМУнун Окуу башкармалыгы тарабынан иштелип чыкты.
5. НМУнун Окумуштуулар кеңешинин отурумунда 2020-ж. «30» 11 ,№16/2 протоколу менен бекитилип, НМУнун ректорунун «01» 12 2020-ж., №01-12/79 буйругу менен ишке киргизилди.

**6. Документ НМУнун жетекчилигинин уруксаты жок берилүүгө, даярдалууга, көчүрүлүүгө жатпайт.**

## МАЗМУНУ


**1. КОЛДОНУУ ОБЛАСТЫ** ........................................................................................................

**2. НОРМАТИВДИК НЕГИЗ** ........................................................................................................

**3. КЫСКАРТУУЛАР**.................................................................................................................

**4.ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР** ...............................................................................................................

**5. КӨЗӨМӨЛЧҮЛҮК КЕҢЕШИНИН МИЛДЕТТЕРИ**.....................................................................

**6. КЕҢЕШТИН УКУКТАРЫ ЖАНА ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ** ..................................................

**7. КӨЗӨМӨЛЧҮЛҮК КЕҢЕШТИ ТҮЗҮҮ ТАРТИБИ ЖАНА КУРАМЫ** ..................................

**8. КӨЗӨМӨЛЧҮЛҮК КЕҢЕШТИ УЮШТУРУУ ЖАНА ИШТӨӨ ТАРТИБИ**…………………...

**9. КЕҢЕШТИН МҮЛКҮ ЖАНА КАРАЖАТТАРЫ**……………...............................……………

**10. КӨЗӨМӨЛЧҮЛҮК КЕҢЕШТИ ЖОЮУ, ЖОБОГО ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ….8**

**11. ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КАТТОО БАРАГЫ**……………………………………...…………9

## 1. КОЛДОНУУ ОБЛАСТЫ

1. Бул жобо НМУнун Көзөмөлчүлүк кеңешин түзүү жана ишмердүүлүгүн жүргүзүүнүн тартибин жетектейт.
2. Бул жободогу талаптар НМУнун жетекчисине жана тиешелүү кызматкерлерине милдетүү.

## 2. НОРМАТИВДИК НЕГИЗ

Бул нускама төмөнкү көрсөтүлгөн нормативдик документтердин негизинде иштелип чыкты:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 24-апрель 2014-жылдагы токтому менен бекиген «Көзөмөлчүлүк кеңеш жөнүндө» мыйзамынын
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 24-апрель 2014-жылдагы токтому менен бекиген «Билим берүү жөнүндө» мыйзамынын,
- КР Билим берүү жана илим министрлигинин 31-декабрь 2004-жыл № 888/1 бекиген «КР жогорку окуу жайларынын Көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө жобонун»

## 3. КЫСКАРТУУЛАР

**КР** – Кыргыз Республикасы;

**ББМ** – билим берүү жана илим министрлиги;

**НМУ** — Нарын мамлекеттик университети.

## 4. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

4.1. Университетти бирге башкаруу формасын өнүктүрүү максатында Көзөмөлчүлүк кеңеши (мындан ары- кеңеш) түзүлдү.

4.2. Кеңештин негизги максаты болуп университет тарабынан көрсөтүлүп жаткан кызматтардын сапатын жогорулатууга, мекеменин жүргүзүп жаткан ишмердүүлүгүнүн ачык-айкындыгына, ошондой эле бюджеттик эмес каражаттардын эффективдүү колдонулушуна көмөк көрсөтүү .

4.3. ЖОЖдун Көзөмөлчүлүк кеңеши юридикалык тарап болуп эсептелбейт. Көзөмөлчүлүк кеңешти түзүү тартиби, ыйгарым укугу, максаттары, милдеттери, укуктары ушул Жобо менен аныкталат.

4.4. Көзөмөлчүлүк кеңеш өзүн-өзү башкаруу формаларынын бири болуп эсептелет жана ачыктыктын, ыктыярдуулуктун жана мүчөлөрүнүн тең укуктуулугунун негизинде иш алып барат.

## 5. КӨЗӨМӨЛЧҮЛҮК КЕҢЕШИНИН НЕГИЗГИ МИЛДЕТТЕРИ

5.1. Көзөмөлчүлүк кеңешинин негизги милдеттери төмөнкүлөр:

-билим берүү, илимий – техникалык, кадрдык потенциалды өнүктүрүү, билим берүү программаларын ишке ашыруунун сапатын жогорулатуу максатында билим берүү жаатындагы мамлекеттик саясатты ишке ашырууга көмөктөшүү;

-иштин эффекктивдүүлүгүн жогорулатуу боюнча университеттин жетекчилигине көмөк көрсөтүү;

- НМУнун ишмердүүлүгүн камсыз кылуу жана өнүктүрүү үчүн бюджеттен тышкаркы каражаттарды тартууга көмөк көрсөтүү;

-Бюджеттик эмес финансылык каражаттарды эффективдүү жана максаттуу колдонушуна көзөмөл кылуу.

## 6. КЕҢЕШТИН УКУКТАРЫ ЖАНА ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ

6.1. Көрсөтүлгөн милдеттерди аткаруу үчүн Көзөмөлчүлүк кеңешине төмөнкүдөй укуктар берилет:

- НМУнун өнүктүрүү стратегиясын жана перспективалык пландарды иштеп чыгууга жана ошондой эле көрсөтүлүп жаткан социалдык тейлөөнүн сапатын жакшыртууга көмөктөшөт;

- НМУнун ишмердүүлүгүн жакшыртуу боюнча сунуштарды берүүгө;

- Кеңештин отурумдарына жергиликтүү башкаруу органдарынын, социалдык сферадагы мамлекеттик органдардын жана башка кызыккан мекемелердин өкүлдөрүн, адистерин, эксперттерди чакырууга;

- НМУнун жана анын түзүмдүк бөлүктөрүнүн ишмердүүлүгүнүн бардык аспектилери жөнүндө маалымат суроого;

- университеттин ишмердүүлүгүнө мониторинг жана баа берүүнү жүргүзүү үчүн келишимдик негизде кеңешчилерди, аудиторлорду, эксперттерди тартууга;
- университетти фискалдуу органдар тарабынан текшерүүсүнүн жайынтыгы менен таанышканга;
- университеттин ишинде табылган кемчиликтер жөнүндө мамлекеттик ыйгарым укуктуу органга, укук коргоо органдарына материалдарды берүүгө;
-университеттин жүргүзгөн ишмердүүлүгү боюнча коомчулуктун оюун изилдеп, жалпылап алынган маалыматты мекеменин ишин өркүндөтүү максатында колдонууга.

6.2. Көзөмөлчүлүк кеңештин милдеттери:
- Кеңештин бир жылдык планын иштеп чыгууга жана бекитүүгө;
- мекеменин уюштуруучусу, жана ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы менен тыгыз кызматташтыкта кеңештин ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө;
- мекеменин ишмердүүлүгү тууралуу коомчулукту маалымдоого;
- коомчулукту кеңештин ишмердүүлүгү, чечимдери тууралуу массалык маалымат каражаттары жана мамлекеттик ыйгарым укуктуу органынын веб-сайты аркылуу маалымдоого,
-мекеменин социалдык тейлөөсүнүн эффективдүүлүгүнө анализ жүргүзүү жана жакшыртуу боюнча өзүнүн сунуштарын берүүгө ;
- Кеңештин ишмердүүлүгү тууралуу жыл сайын отчет даярдап, мамлекеттик ыйгарым укуктуу органынын веб-сайты же массалык маалымат каражаттары аркылуу маалымдоого;
- КР мыйзамдарына каршы келбеген кошумча каржылык булктарды тартууга;
- мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдарынын талаптары боюнча өзүнүн ишмердүүлүгү тууралуу отчет берүүгө.

## 7. КӨЗӨМӨЛЧҮЛҮК КЕҢЕШТИ ТҮЗҮҮ ТАРТИБИ ЖАНА КУРАМЫ

7.1.Көзөмөлчүлүк кеңештин курамына жергиликтүү аткаруу жана мыйзамдык бийлик органдарынын, ишкерчилик, илим жана билим берүү мекемелеринин, массалык маалымат каражаттарынын, коомдук, студенттик жана ата-энелердин бирикмелеринин өкүлдөрү кирет.

7.2. Көзөмөлчүлүк кеңешинин курамынын саны *15 кишиден* ашпашы керек. Көзөмөлчүлүк кеңешинин курамы зарыл учурда жылына бир жолу өзгөртүлүшү мүмкүн.

7.3. Кеңештин курамы мамлекеттик ыйгарым укуктуу органы тарабынан түзүлгөн комиссия тарабынан түзүлөт.

7.4. Комиссия массалык маалымат каражат аркылуу кеңешти түзүү жөнүндө жарыялайт.

7.5. Мекеменин өкүлдөрү кеңешти түзүү жөнүндө жарыя массалык маалымат каражатына чыккан күндөн кийин *30 күндүн ичинде* кеңешке талапкерлерди көрсөтүшөт.

7.6. Комиссия кеңештин курамын *3 күндүн ичинде* бекитет.

7.7. Көзөмөлчүлүк кеңештин курамы бекиген күндөн тартып *3 жылдык мөөнөткө* шайланат. Бир эле жак кеңешке бир нече ирет мүчө боло алат.

## 8. КӨЗӨМӨЛЧҮЛҮК КЕҢЕШТИ УЮШТУРУУ ЖАНА ИШТӨӨ ТАРТИБИ

8.1. Кеңеш өзүнүн ишмердүүлүгүн көз карандысыздык, айкындык, коллегиалдуулук, мыйзамдуулук принциптеринин негиздеринде алып барат.
8.2. Кеңештин биринчи отурумун жашы боюнча улуусу алып барат.
8.3. Кеңештин биринчи отурумунда ачык добуш берүү жолу менен төрагасы жана катчысы шайланат.
8.4. Кеңештин отурумунда ар бир мүчөсү бирден добушка гана ээ. Кеңештин отуруму жалпы санынын үчтөн эки бөлүгү болгон учурда жүргүзүлөт. Кеңештин отуруму ачык, *кварталына 1 жолудан кем эмес* өткөрүлөт. Кеңештин бир жылдагы отурумдарынын кезектиги иш план менен бекитилет. Кеңештин жалпы санынын үчтөн эки бөлүгүнүн талабы боюнча кеңештин мүчөлөрү кезексиз отурумду чакыруу жөнүндө сунуш киргизе алышат.
8.5. Кеңештин мүчөлөрү отурумга өзү катышат. Кеңештин отурумуна өзү катыша албаган учурда кеңештин мүчөсү күн тартибиндеги маселе боюнча жазуу түрүндө өз пикирин жибере алат. Көрсөтүлгөн пикир кеңештин отурумунда каралат жана добуш берүүдө эске алынат.
8.6. Кеңештин чечими менен отурумга мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, массалык маалымат каражаттарынын, илимий, кесиптик кошундардын мекемелеринин өкүлдөрү, жана ошондой эле эксперттер жана адистештирилген кеңешчилер чакырылат.
8.7. Кеңештин отурумдары ачык өткөрүлөт, ага социалдык чөйрөдөгү мекемелердин өкүлдөрү, жарандык коомдук мекемелердин жана массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрү катыша алышат.
8.8. Кеңештин чечимдери анын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен чыгарылат жана төраганын жана катчынын колу коюлган протокол менен тариздeлет. Кеңештин мүчөлөрүнүн пикирлери жазуу түрүндө тариздeлип, кеңештин чечимине тиркелет.
8.9. Кеңештин мүчөсү кеңеште кабыл алынбаган же бекитилбеген иш кагаздарды, чечимдерди, сунуштарды кеңештин атынан мамлекеттик органдарга жана башка жактарга жарыялоого, берүүгө укугу жок.
8.10.Кеңештин ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат кеңештин өзүнүн веб-сайтына, веб-сайты жок болгон учурда массалык-маалымат каражаттарына жарыяланат.
8.11. Кеңештин төрагасы кеңештин мүчөлөрүнүн ачык шайлоо аркылуу көпчүлүктүн колдоосу менен 1 жылга шайланат. Кеңештин төрагасынын иштөө мөөнөтү шайлоо өткөн күндөн тартып кийинки төрага шайланганга чейин жарактуу.
8.12. Кенештин төрагасы отурум өтүүчү күндү жарыялайт, пленардык отурумдарды өткөрөт, кеңеш тарабынан каралуучу маселелерди даярдоону жетектейт, мамлекеттик жана коомдук башкаруу органдарында, ишканаларда, уюмдарда, мекемелерде кеңештин өкүлү катары иш алып барат. Кеңешке берилген иш кагаздарды текшерүүнү, кеңештин ишинин жыйынтыктоону уюштурат, мекеменин ишмердүүлүгүн жакшыртууга багытталган чара колдонот, мыйзамдык бийлик органдарын кеңештин иши жөнүндө маалымдайт.

8.13. Кеңештин төрагасы өзүнө тийиштүү ишти өз деңгээлинде алып барбаган учурда кеңештин үчтөн эки бөлүгүнүн чечими менен ишин мөөнөтүнөн мурда токтотот.
8.14. Кеңештин курамынын ичинен катчы шайланат.
8.15. Кеңештин катчысы отурумдарга даярдык көрөт, кеңештин мүчөлөрүн отурум өтө турган күн, убактысы, орду жөнүндө маалымдайт, протокол жүргүзөт, кеңештин иш-кагаздарын жүргүзөт, уюштурат жана анын аткарылышын көзөмөлдөйт, өзүнүн милдеттерине ылайык кеңештин төрагасынын тапшырмаларын аткарат.
8.16. Көзөмөлчүлүк кеңештин чечимдери төрага жана катчынын колу коюлган протокол менен бекитилет жана кеңештин бардык мүчөлөрү жана НМУнун жетекчилиги тарабынан каралууга жана аткарылууга милдеттүү.
8.17. Көзөмөлчүлүк кеңеш өзүнүн жана НМУнун кызыкчылыгын мамлекеттик, муниципалдык аткаруу органдарында, массалык маалымат каражаттырында, коомдук жана эл аралык мекемелерде, жана ошондой эле башка билим берүү мекемелери жана өзүнчө жарандар менен болгон мамилелерде коргой алат.
8.18. НМУ Көзөмөлчүлүк кеңештин ишмердүүлүгүн уюштуруучулук-техникалык жактан, анын ичинде жумуш орду, уюштуруу техникасы менен камсыз кылат.
8.19. Кеңештин жана анын мүчөлөрүнүн өтүнүчү боюнча НМУнун бардык бөлүмдөрү кеңештин компетенциясына кирген суроолор боюнча маалымат бергенге милдеттүү.
8.20. Кеңештин отурумунда каралуучу маселелер Көзөмөлчүлүк кеңештин мүчөлөрүнө *3 күн мурун* таратылып берилет.

## 9. КЕҢЕШТИН МҮЛКҮ ЖАНА КАРАЖАТТАРЫ

9.1. Кеңеш өз ишин уюштуруу үчүн мыйзам чегинен ашпаган каржылык жана башка материалдык каражат булагын тартканга укуктуу.
9.2. Кеңеш тарабынан тартылган акча каражаттарын жүргүзүү үчүн мекеменин жетекчиси банктан эсеп ачат.
9.3. Акча каражаттары кеңештин чечиминде көрсөтүлгөн конкреттүү максаттын негизинде гана эсептен алына алат.
9.4. Кеңеш өзүнүн ишмердүүлүгүн уюштуруу үчүн акча каражаттарынын *2% чейинки бөлүгүн* гана пайдалана алат.
9.5. Жыл аягында кеңеш өзүнүн ишмердүүлүгү жөнүндө отчетун массалык маалымат каражаттары аркылуу жарыялайт.

## 10. КӨЗӨМӨЛЧҮЛҮК КЕҢЕШТИ КАЙРАДАН ТҮЗҮҮ, ЖОЮУ, ЖОБОГО ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ

10.1. Көзөмөлчүлүк өз ишмердүүлүгүн билим берүү мекемеси жоюлган учурда токтотот.
10.2. Бул Жобого өзгөртүүлөр Көзөмөлчүлүк кеңештин сунушу боюнча НМУнун Окумуштуулар кеңешинин чечими менен киргизилет.

## ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КАТТОО БАРАГЫ

| Өзгөртүүлөр | Барактын № | | | Өзгөртүү жүргүзүлгөн күн | Өзгөртүү киргизилген күн | Документеги жалпы барак | Өзгөртүү киргизилген жооптуунун колу |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Өзгөртүлөн | Жаңы | Алынып салынган | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |